## Мектептин көп жылдык максаты: (3-5 жыл)

1. Окутуунун жаңы технологияларын окуу -тарбия ишинде колдонуу менен окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо, баа берүү, баа коюу, стандарттык эмес сабактарды өтүү менен көптөгөн жаңылыктарды жана күтүлбөстүктөрдү алып келип окуучулардын жалпы кызыгуусун арттыруу б.а. калыптандыруучу баалоо методикасын ишке ашыруу;
2. Мугалимдердин кесиптик жактан тынымсыз өнүгүшүнө шарттарды түзүү;
3. Мектептин материалдык базасын чыңдоо;
4. Окуучулардын кошумча билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
5. Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинин каада -салттарын пайдаланып манасчыларды жана мамлекеттик тилди даңазалаган ураан-чакырыктар менен иш-чараларды жүргүзүп тарбия берүүгө жетишүү;
6. Ден-соолугунун, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн инклюзивдүү билим берүүнү уюштуруу.

## *Мектептин үч жылдан кийинки абалы жана келечегин көрө билүүсү (өнүгүү прогнозу)*

- *Азыркы учурда Көкөбай Мамбеталиев атындагы орто мектебинде 23 класс комплект базистик багытта окуучуларга билим берет. 2020-2021-окуу жылдары К.Мамбеталиев атындагы орто мектеби башталгыч класстар боюнча баардык мугалимдерге калыптандыруучу баалоонун түрлөрү, жаңы стандарт методикасын мугалимдерге жайылтуу менен иш-чараларды жүргүзүү жана окуучулардын билим сапатын кыйла жогорулатуунун үстүндө иш жүргүзүп, окуучуларга кошумча акы төлөнбөөчү ийримдерди иштетүү менен аракеттенишет. Мектептин материалдык базасы мындан да жогору чыңдалат, ар бир предмет электрондук окуу китептерине ээ болуп билим бериле баштайт.Мектеп окуу-материалдык базаны чыңдоо үчүн гранттар менен иш алып барат.*